**БЕКИТЕМ**
Ош МУнун ректору, профессор
________ К. Г. Кожобеков
«18» __10__

**Ош МУнун МИТ факультетинин Математиканы, информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын улук адиси Батырбек уулу Бекболоттун 2022-жылдын 15-сентябриндеги жобонун негизинде түзүлгөн кызматтык милдеттери жана укуктары**

**Кызматтык милдеттер:**

1. Эмгек келишиминде ага жүктөлгөн өзүнүн эмгек милдеттерин ак ниеттүү аткарууга;
2. Уюмдун ички эмгек тартибинин эрежелерин сактоого;
3. Белгиленген эмгек ченемдерин аткарууга;
4. Эмгекти коргоо боюнча талапты сактоого жана өндүрүш коопсуздугун камсыз кылууга;
5. Иш берүүчүнүн жана кызматкердин мүлкүнө аяр мамиле кылууга;
6. Ага тапшырылган мамлекеттик, кызматтык, коммерциялык сырды түзгөн маалыматтарды эмгек келишимине ылайык жарыя кылбоого;
7. Мекемедеги жетекчи жана кызматкерлер арасындагы субординацияны, маданияттуу пикир алышуу менен кызматтык этикетти сактайт.
8. Иш пландын негизинде иш алып барат. Анын аткарылышы боюнча жарым жылдык жана жылдык отчет түзөт.
9. Жетекчи тарабынан берилген тапшырмаларды өз убагында аткарат.
10. Деканаттан берилген тапшырмаларды аткарат.
11. Окуу жылы аяктаганда кафедранын отчетун (жарым жылдык отчет, жылдык отчет) жазуу.
12. Кафедрага тиешелүү аудиторияларды көзөмөлдөө.
13. AVN информациялык системасында AVN-11 программасына кафедра башчысынын уруксаты менен иштөө.
14. Кафедрага тиешелүү сайттарга убагында маалымат киргизүү.
15. Тиешелүү каанага кирген, чыккан адамдарды катоо.

**Укугу:**

1. КР эмгек кодексте (19-статья), башка мыйзамдарда каралган тартипте жана шарттарда эмгек келишимин түзүүгө, өзгөртүүгө жана бузууга;
2. Эмгек келишимдеринде шартталган жумушту жана эмгек акыны алууга;
3. Зыяндуу жана коркунучтуу факторлордун таасирлеринен корголгон жумуш ордуна, жумуш ордунда эмгекти коргоо боюнча шарттардын абалы жана талаптары жөнүндө маалыматка;
4. Өзүнүн квалификациясына, аткарылган иштердин санына жана сапатына ылайык эмгек акынын өз учурунда жана толук төлөнүшүнө;
5. Күнөөсүз иштебей токтоп калууларга КР эмгек кодексте аныкталгандан төмөн эмес өлчөмдө акы төлөнүшүнө;
6. Жумуш убагынын чектеген узактыгын, бир катар кесиптер, иштер жана кызматкерлердин айрым категориялары үчүн кыскартылган жумуш күнүн белгилөө, ошондой ошондой эле жума сайын дем алыш күндөрүн, жумушчу эмес майрам күндөрүн, ошондой эле ар жылдык акы төлөнүүчү өргүүлөрдү берүү менен камсыз кылынуучу эс алууга;
7. Өз таламдарын коргоо үчүн кесиптик бирликтерди жана башка кызматкерлердин өкүлчүлүктүү органдарын түзүү укугун кошкондо;

Сканировано с CamScanner

8. Өзүлөрүнүн өкүлдөрү аркылуу жамааттык сүйлөшүүлөргө кирүүгө жана жамааттык макулдашуу жүргүзүүгө;
9. Ушул Кодексте жана башка ченемдик укуктук актыларда каралган тартипте кесиптик даярдыкка, кайра даярдыктан өтүүгө жана өз квалификациясын жогорулатууга

**Квалификациялык талаптары:**

1. Улук адис ош мамлекеттик университетинин ректорунун буйругу мене учурдагы эмгек мыйзамдарында белгиленген тартипте кызматка дайындалат жана бошотулат.
2. Улук адистин кызмат ордуна жогорку кесиптик билими бар жана ошондой эле персоналдык компьютерде (Windows, Word,Excel, ж.б.) AVN информациялык системасы менен иштей ала турган кадр дайындалат.

**Жоопкерчилиги:**

1. Деканаттын жана кафедра башчысынын тиешелүү тапшырмаларын өз убагында аткарат, эмгек тартибин, кызматтык этиканы сактайт.
2. Эгер кандайдыр себептер менен документтерди жоготкондо жана башка өз кызматтык милдеттерин сактабаган учурда тиешелүү мыйзам чегинде персоналдуу жооп берет.
3. Кызмат адамы статусунда өзүнө берилген материалдык техникалык каражаттарды максатсыз пайдаланса же туура эмес пайдаланууга жол берсе дисциплинардык материалдык жоопкерчиликке тартылат.
4. Кызматтык милдеттерин аткарууда берилген мүлктөрдү, жабдыктарды сактайт, жумуш ордун таза кармайт, жылуулукту жана электр энергиясын үнөмдөйт.
5. Улук адис жок учурунда (эмгек өргүүсү, ооруу жана башка) анын милдеттерин кафедранын жетекчисинин буйругу менен дайындалган кызматкер аткарат. Ал кызматкер тиешелүү укуктарга ээ болуп, өзүнө жүктөлгөн милдеттердин сапаттуу жана өз убагында аткарылышы үчүн жооп берет.

Тааныштым, макулмун:

МИОТИ ж БТБМ каф. улук адис ________ Батырбек у Б
*(структуранын аталышы, кызматы)* *(кызматкердин аты-жөнү)*

«18» 10 2022-ж

**Макулдашылды:**

МИТ фак. деканы ________ Сопуев У. А.
*(структуранын аталышы, кызматы)* *(структура жетекчисинин аты-жөнү)*

МИОТ ж БТБМ каф. башчысы ________ Келдибекова А. С.
*(кафедра, бөлүм ,цикл башчысы)* *(аты-жөнү)*

МИТИ фак. проф бюросунун төрагасы ________ Сатыбай у Б
*(структуранын кесиптик бирлигинин төрагасы)* *( аты-жөнү)*

Сканировано с CamScanner